# БУУ эксперти Кыргызстандын майыптыгы бар адамдардын укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн толук мүмкүнчүлүгү бар деп эсептейт

БИШКЕК/ЖЕНЕВА (3-октябрь 2024-ж.) – БУУ эксперти Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенция ратификациялангандан кийин, Кыргызстанда жүргүзүлгөн мыйзам чыгаруу жана саясат жаатындагы жаңы мыйзамдык сунуштар жана реформалар майыптыгы бар адамдардын жашоосун олуттуу жакшыртууга карай умтулуулар жөнүндө күбөлөөрүн билдирди.

«Мыйзамдарды жана саясатты реформалоо жаатында конструктивдүү кадамдар жасалды, майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүүлүктү кеңейтүү жана инклюзивдик билим берүүнү өздөштүрүү боюнча алгачкы күч-аракеттер жасалды», – деп белгиледи майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачы Хеба Хаграсс өлкөгө болгон расмий иш-сапарынын жыйынтыктары боюнча өзүнүн билдирүүсүндө.

«Азыркы убакта реформалар үзүл-кесил бойдон калууда, бирок майыптыгы бар адамдардын укуктары жаатында жаңы мыйзамдарды кабыл алуу жөнүндө сунуштар Конвенциянын жоболоруна ылайык бардыгын камтыган иш-аракеттердин планын иштеп чыгуунун эң сонун мүмкүнчүлүгүн берет».

Хаграсс айым белгилегендей, бул процесстерге, ошондой эле мыйзамдарды жана жалпы саясатты иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана мониторинг жүргүзүүгө майыптыгы бар адамдардын өздөрүн жана алардын кызыкчылыктарын жактоочу уюмдарды тартуу абдан маанилүү. Анын сөзү боюнча, толук кандуу катышуу Конвенциянын талаптарынын бири болуп саналат, жана ошон үчүн ал өзгөчө 2024-жылдын башында чет өлкөлүк өкүлдөр жөнүндө Мыйзам кабыл алынгандан кийин укук коргоочулук ишмердик үчүн жарандык мейкиндиктин олуттуу таруусу боюнча тынчсызданганын билдирди.

Атайын баяндамачы майыптуулук боюнча жөлөк пулдардын жана жеке жардамчылардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөмдөрдүн өлчөмүнүн көбөйгөнү, майыптыгы бар адамдар үчүн жетиштүү жашоо деңгээлин камсыз кылуу боюнча маанилүү чара болуп саналарын баса белгиледи.

«Мен өкмөттөн азыркы экономикалык өсүштү майыптыгы бар адамдар үчүн инклюзивдик, жеткиликтүү, сапаттуу коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу жана өздөштүрүү максатында пайдаланууну абдан суранам, бул алардын көз карандысыз жашоо ыңгайын камсыз кылат» – деди Хаграсс айым. Майыптыгы бар адамдардын бардык укуктарын ишке ашыруу максатында бардыгын камтыган стратегия, анын ичинде талаптагыдай ресурстар жана эксперттик мүмкүнчүлүктөр

менен камсыз кылынган мониторинг жүргүзүүнүн жана координациялоонун натыйжалуу механизмдери зарыл.

Атайын баяндамачы майыптуулукту негизинен медициналык көйгөй катары кароодон дагы, биринчи кезекте майыптуулуктун экспертизасынын кандай өткөрүлүүсүнө карата маселелерде ачык-айкындуулуктун жоктугуна олуттуу тынчызданууусун билдирди. «Кыргызстанга шашылыш түрдө, адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга ылайык, деинституциялаштыруу боюнча жана укук жөндөмдүүлүк жаатындагы мыйзамдарды жана практиканы реформалоо зарыл».

Хаграсс айымдын айтканы боюнча, майыптыгы бар адамдарды атайын мекемелерде же үйдө обочолонтуп кармоодон көрө, аларды коомдун жашоосуна тартуу кеңири жайылган жарлык тагып кемсинтүү менен күрөшүүнүн эң мыкты каражаты болуп саналат. «Мен аялдардын жана кыздардын, алыскы жана айыл жерлеринде жашаган адамдардын, ошондой эле интеллектуалдык жана психо-социалдык илдеттери бар адамдардын, анын ичинде зомбулук көрсөтүү, катаал мамиле жасоо жана камкордуксуз калтыруу көз караштарынан алганда, өзгөчө аярлуу абалдары тууралуу маалыматтарды алдым. Алардын укуктарын коргоого өзгөчө көңүл буруу зарыл».

Атайын баяндамачы өзүнүн тыянактары жана сунуштамалары жөнүндө 2025-жылдын мартындагы Адам укуктары боюнча Кеңештин 58-сессиясында кеңири баяндама берет.

КОРУТУНДУ

***Хеба Хаграсс (Египет) –*** *адам укуктары боюнча Кеңеш тарабынан 2023-жылдын октябрында дайындалган* ***майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча БУУ Атайын баяндамачысы****. Билими боюнча социолог, адвокат, майыптуулук маселелери боюнча эл аралык консультант жана майыптыгы бар адамдардын укуктарын изилдөө боюнча Египет, Араб регионунда жана бүткүл дүйнөдө иштеген кеңири тажырыйбасы бар изилдөөчү болуп саналат. Алып айтканда, ал Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенцияны иштеп чыгууга катышкан майыптыгы бар аялдардын өкүлү болгон. Хаграсс айым 2015–2020-жж. мезгилинде мыйзам чыгаруу реформаларынын жүрүшүндө парламенттин мүчөсү катары Египетте майыптыгы бар адамдардын укуктарын жылдырган жана майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча Улуттук кеңештин башкы катчысы кызматын ээлеп турган. Ал майыптыгы бар адамдардын Араб уюмунун негиздөөчүсү болуп саналат, анын ичинде аялдардын иштери боюнча комитеттин башчысы катыр 1998–2008-жж. жигердүү иштеген.*

*Атайын баяндамачылар Адам укуктары боюнча Кеңештин* атайын жол-жоболор деп аталган *бөлүгү болуп саналат. Атайын жол-жоболор БУУ тутумунда адам укуктары боюнча көз карандысыз эксперттердин ири органы – бул Кеңештин фактыларды аныктоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча көз карандысыз механизмдеринин жалпы аталышы, алар же өлкөлөрдөгү конкреттүү кырдаалдарды, же болбосо дүйнөнүн бардык бөлүктөрүндө тематикалык маселелерди иликтешет. Атайын жол-жоболордун*

*эксперттери ыктыярдуу негизде иштешет, алар БУУ кызматкерлери болуп саналышпайт жана өз жумуштары үчүн эмгек акы алышпайт. Алар кандайдыр-бир өкмөттөргө же уюмдарга көз каранды эмес жана өз аттарынан гана чыгышат.*

*БУУ Адам укуктары боюнча өлкөлүк бети:* Кыргызстан

***ЖМК суроо-талаптары** жана кошумча маалыматтарды алуу үчүн* barbora.zamrska@un.org; hrc-sr-disability@un.org *дареги боюнча Барборе Замрскаяга же* aiperi.alymbekova@un.org (Бишкек) *дареги боюнча Айпери Алымбековага кайрылыңыздар.*

*БУУ башка көз карандысыз эксперттерине байланыштуу суроолор боюнча (*dharisha.indraguptha@un.org*) Дхарише Индрагуптхага же (*john.newland@un.org*) Джон Ньюландга кайрылыңыздар.*

*Адам укуктары боюнча БУУ көз карандысыз эксперттерине байланыштуу жаңылыктарды Twitterde @*UN_SPExperts *байкап туруңуздар.*